[4]. Бул жерде эмоциялар, сезимдер ачык айтылбай, алардын таасири менен адамдын физикалык абалындагы өзгөрүүлөр аркылуу көрсөтүлүп жатат.

Жазуучу Зуура Сооронбаева чынында эмоционалдык абалды, чыңалууну өзгөчө ыкма менен көрсөтөт: “Бул түнү Толкунбек Зыйнаттан камырдан кыл суургандай болуп тез эле ажырап калганына күйүндүбү,же сүйүндүбү,өзү да билген жок.”, “Жайнагүл Толкунбектин жөтөлүн угуп жүрөгү болк этти” [4]. “Жүрөгү болк этти” деген фразеологизмди ал өзгөртүп, жаңы элементтер менен толтуруунун жардамы менен эмоцияны гана эмес, анын күчүн да билдирет: “– Кудая тобо, байкаган кишиге кадим эле Зыйнаттын үнү. ...Толкунбектин жүрөгү удургуй түштү”. Бул жерде жазуучу З.Сооронбаева эмоцияны мүнөздөп гана койбой, анын күчүн, интенсивдүүлүгүн дагы бийик деңгээлде көрсөтүп жатат.

Демек, биздин изилдөөлөрүбүз көрсөткөндөй, тилде психоэмоционалдык абалды билдирүү үчүн универсалдуу бир каражат жок. Көбүнчө бул максатта ар башка сөз түрлөрүнө жана тилдин ар кандай деңгээлдерине таандык көптөгөн каражаттар колдонулат. Текстиңизде жана сөзүңүздө адамдын эмоционалдык абалын толук жана кеңири көрсөтүү үчүн бул гана туура жол болуп саналат. Тагыраак айтканда, психологдор гана эмес, тил илиминде да эмоцияларды формалдаштыруу маселесине туш болуу менен бирге көркөм тил каражаттары сезимдердин татаалдыгы жана тактыгы сүрөттөө үчүн универсалдуу ыкманы таба алган эмес. Ошондуктан ал психоэмоционалдык маанисин билдирген ар кандай тилдик каражаттарды колдонуу ишмердиктерин жүзөгө ашырат.

Адабияттар

1. Арутюнова Н.Д. Метафора в языке чувств // Язык и мир человека. М., 1999.
2. Вежбицкая А. Семантические примитивы // Семиотика. М., 1983.
3. Рудакова С.В. Счастье как эмоциональное переживание: (На материале лирики Е.А. Баратынского) // Эмоциональная сфера человека в языке и коммуникации: синхрония и диахрония – 2020 : Материалы международной конференции / отв. ред. Иоанесян Е.Р.; Ин-т языкознания РАН. – М., 2020. – С. 141–146.
4. Сооронбаева З. “Чоочун киши”. Бишкек-2001 1-2-томдуктар 23-283-284-307-беттер.
5. Яковенко Е.Б. Концептуализация тревоги в советской предвоенной литературе // Когнитивные исследования языка / гл. ред. серии Болдырев Н.Н. – М. : Ин-т языкознания ; Тамбов : Издат. дом «Державинский», 2021. – № 2 (45) : Знаки языка и смыслы культуры : сборник научных трудов, посвящ. памятному юбилею В.Н. Телия / отв. ред. Ковшова М.Л. – С. 565–574.

**УДК-821** **DOI: https://doi.org/10.56122/..v2i2%20(26).428**

## “ДЕНИ САК ПЛАНЕТА-ДЕНИ САК МУУН” ТЕМАСЫ КӨРКӨМ АДАБИЯТТА

Жаанбаева К.Б. - улук окутуучу, ОшМПУ
***E mail:*** Kalipa27@hotmail.com

### Аннотация

Макалада көркөм адабиятта экологиялык теманын орун алышы жана анын планетанын ден соолугуна, болочок муундун саламатчылыгына камкордук көрүүдөгү таасири тууралуу ойлор ортого салынат. "Дени сак планета-дени сак муун" темасы бүгүнкү күндө дүйнө жүзү боюнча өзгөчө актуалдуу. Негизги идея планетанын ден соолугу жана адамзаттын келечегинин ортосунда ажыратып алгыс байланыш бар экендиги менен түшүндүрүлөт. Адамдардын ден соолугу экологиялык шарттарга, таза абага, суунун сапатына жана табигый ресурстарга түздөн-түз көз каранды. Эгерде планетанын ден соолугу начарласа, анда бул адамзаттын өз ден соолугуна да терс таасир тийгизери анык. Адабият өзүнүн бүтүндөй тарыхында адамзаттын дүйнөнү түшүнүүсү жана аны өзгөртүүсүндөгү маанилүү ролду

ойноп келет. Ошол эле учурда коомдук жана экологиялык маселелерди көтөрүп, биздин көз караштарыбызды калыптандырып, ой-пикирлерибизди туура түзүүгө жана жетилдирүүгө жардам берет. “Дени сак планета-дени сак муун” темасы күн санап өсүп жаткан экологиялык кризиске байланыштуу ого бетер мааниси күчөп, адамзаттын табигатка жана анын ресурстарына болгон таасирин терең түшүнүү жана аларды сактоо маселеси көңүл борборун ээлеп баратат.

**Ачкыч сөздөр**: адабият, экологиялык, темалар, планета, ден соолук, адамзат, келечек, таза аба, суунун сапаты, табигый ресурстар, маселелер, экологиялык кризис.

## ТЕМА «ЗДОРОВАЯ ПЛАНЕТА — ЗДОРОВОЕ ПОКОЛЕНИЕ» В ХУДОЖЕСТВЕННОЙ ЛИТЕРАТУРЕ

Жаанбаева К.Б. — старший преподаватель, ОшГПУ
E-mail: Kalipa27@hotmail.com

**Аннотация**

В статье излагаются мысли о влиянии литературы на экологические темы и здоровье планеты. Тема "Здоровая планета-здоровое поколение" сегодня стала особенно актуальной во всем мире. Эта идея объясняет, что существует прямая связь между здоровьем планеты и будущим человечества. Здоровье человека напрямую зависит от условий окружающей среды, чистого воздуха, качества воды и природных ресурсов. Если здоровье планеты ухудшится, это также отрицательно скажется на собственном здоровье человечества. На протяжении всей своей истории литература играет важную роль в том, как человечество понимает мир и меняет его. В то же время он поднимает социальные и экологические проблемы и помогает формировать и развивать наши идеи. Актуальность темы” Здоровая планета-здоровое поколение "обусловлена постоянно растущим экологическим кризисом, актуальностью вопросов глубокого понимания воздействия человечества на природу и ее ресурсы и их сохранения.

**Ключевые слова:** литература, экология, здоровье, планета, окружающая среда, чистый воздух, качество воды, природные ресурсы, социальные проблемы, экологический кризис, влияние, сохранение

## THE THEME “A HEALTHY PLANET IS A HEALTHY GENERATION” IN LITERATURE

Zhaanbaeva K.B. – Senior Lecturer, Osh State Pedagogical University
E-mail: Kalipa27@hotmail.com

**Annotation**

The article presents thoughts on the impact of literature on environmental issues and the health of the planet. The theme "A healthy planet- a healthy generation" has become especially relevant all over the world today. This idea explains that there is a direct link between the health of the planet and the future of humanity. Human health directly depends on environmental conditions, clean air, water quality and natural resources. If the health of the planet deteriorates, it will also negatively affect humanity's own health. Throughout its history, literature has played an important role in how humanity understands and changes the world. At the same time, he raises social and environmental issues and helps shape and develop our ideas. The relevance of the topic ”A healthy planet is a healthy generation" is due to the ever-growing environmental crisis, the urgency of issues of a deep understanding of the impact of humanity on nature and its resources and their conservation.

Keywords: literature, environment, health, planet, humanity, air quality, water quality, natural resources, environmental crisis, conservation, social issues, understanding

Адабияттын миссиясы кайсы кылым, кайсы доор болбосун адамдын көкүрөгүн тазартууга, рухун агартууга багытталган”, -дейт учурдун көрүнүктүү, таанымал, окумдуу жазуучусу дейт С.Раев.Ал:“Азыр, биоинженерияда, генетикада чоң өзгөрүүлөр болуп жатат. Жасалма интеллект жөнүндө сөз болуп жатат. Адамды алмаштыра турган альтернатива

чыгып жатат. Адам ойлоп тапкан нерсе, адамга каршы эрөөлгө чыгууда. Ошондуктан бул дүйнөдө адамдын жан дүйнөсүнүн экологиясын таза кармап калуу баарынан жогору турат, - деген оюн бөлүшөт.[8]Жазуучу мамилелер, көз-караштар, дөөлөттөр, баалуулуктар өзгөрүп бараткан учурда муундардын Станислав Лемдин фантастикалык чыгармаларындагыдай “механикалык адам” болуп калуу коркунучунан чочулайт.Ушундай кооптуу маалда окуганда туйдуруп, сиңирип, түйшөлткөн, сезимдерди козгогон, дүйнө таанымы деградация болуп, адашып бараткандарды адамдык сапаттарды сактоого ниетин бурган, окурманды туура жолго жетелеген ойчул адабият ого бетер зарыл. Адабият мезгил чакырыктарына туруштук бере ала турган эрктүү, сабырдуу инсанды калыптандырат. Адам өзү жасаган нерсе азыр кайра адамга каршы туруп калгандыгын С.Раев ыймандык катаклизм жөнүндөгү "Топон" роман-притчасында даана чагылдырган.Топон суюга да адам өзү себепкер, андан сактап калуу дагы адамдын өзүнүн колунда экендигин, биздин жан-дүйнөбүз канчалык бузулса, дүйнө дагы ошончолук бузуларын эскертет. Раевдин айтымында, адамзаттын келечеги илим менен техникада, цивилизацияда эмес.Келечек- ыйманы таза муундун колунда.Романдагы топондон аман калган үй-бүлө-жаңы муундун образы, адамзаттын кайра жаралышы. Алардын тандоосу келечек муундун тагдырын аныктайт. Чыгармадагы руханий кризис-чыныгы алаамат, кырсык, коркунуч адамдын ички дүйнөсүндөгү бузулуу экендигинин көзгө сайган далили. Топон суу-табияттын адам баласына эскертүүсү, планетанын “көз жашы”.Романдагы идея- табигый кырсыктын символикасы аркылуу муундарга берилген экологиялык жана руханий сабак.

Бүгүнкү күндүн глобалдык экологиялык көйгөйлөрү адамзаттын келечеги үчүн эң чоң коркунучтарды туудурат. Биз жашаган планетанын ден соолугу жана аны айланадагы космостук чөйрө менен өз ара байланышта кароо- экологиялык илимдердин негизги максаттарынын бири. "Дени сак планета - дени сак муун" темасы адамзаттын келечек муундарынын экологиялык туруктуулугун камсыздоодо маанилүү ролду ойнойт.

Ден-соолук жана экология - бул жер шарынын жаратылышы жана адам баласынын келечеги үчүн бөлүнгүс концепциялар.Эгерде биз бүгүнкү күндө экологиялык туруктуулукту камсыздай албасак, эртеңки муун оор шарттарда жашоого мажбур болот да, ордуна келгис кейиштүү тагдырга тушугуп, физикалык жана психологиялык жактан алсыз абалга кептелишери анык.Ошон үчүн экологиялык билим, тарбия эртеңки муун үчүн өтө зарыл.

Бүгүнкү күндо Жер планетасынын экосистемасы климаттын өзгөрүшү, суунун, абанын, айлана-чөйрөнүн таштандылар менен эбегейсиз булганышы, мөңгүлөрдүн эрип баратышы, токойлордун, жайыт, айдоо жерлеринин жабыркашы, жаратылыш кырсыктарынын арбып баратышы, биологиялык ар түрдүүлүктүн кескин азайып бараткандыгы сыяктуу олуттуу коркунучтарга дуушар болуп турат.

Бул көйгөйлөргө көркөм сөз чеберлери планетардык ой жүгүртүү менен жараткан чыгармалары аркылуу ишарат кылып, окурмандарынын кеңири аудиториясына сунуштап келет.Поэзия, проза, фольклордо табияттын тагдыры менен адамдын жашоосунун тыгыз байланышы таасын чагылдырылат.Эпостордо, макал-лакаптарда табиятка кам көрүү, аны сактоо, коргоо адам бактысынын булагы катары көрсөтүлөт.Жер-Эненин муң-зарын укпагандарды кандай катаал жаза күтөөрүн “Кожожаш”, “Карагул ботом”, “Дарак ыры” дастандары кулагыбызга күмүш сырга кылып эскертип келген.Элдик оозеки чыгармалар ден-соолук тууралуу насыяттарга, табиятты коргоо тууралуу эрежелерге толо.Асан Кайгынын асыл идеялары заман көйгөйлөрү менен үндөшүп, актуалдуулугунан жазбай, адам менен табияттын биримдигине чакырып турат.Акын-жазуучулар табияттын тазалыгы менен ден соолукту айкалыштырып, таза суу, таза абаны ден соолуктун алтын булагы катары даңазалаган нечен чыгармаларды жаратышты.

2022-жылдын 22-сентябрында Нью-Йоркто БУУнун билим берүүнү трансформациялоо боюнча саммити өтүп, анда алгач ирет БУУнун деңгээлинде «Дени сак планета, дени сак мектептер, дени сак муун.Планетардык ден соолук түшүнүгүнүн негизинде билим берүүнү трансформациялоо» демилгеси менен ал кездеги министр А.Бейшеналиевдин кайрылуусу боюнча кызуу талкуу болуп, дүйнө жүзү боюнча барган билим берүү

тармагынын өкүлдөрү колдоого алышкан.Аталган жыйында учурда өкүм сүрүп жаткан оору-сыркоо, табигый кырсыктар адамдардагы планетанын саламатчылыгы тууралуу билиминин жардылыгынан, илимий чөйрө, саясий коом, жөнөкөй жарандар арасында бул багытта биргелешкен иш-аракеттер жүргүзүлбөй жаткандыгынын натыйжасы катары каралган. Ааламга апаат болуп, үрөй учурган «Covid-19» пандемиясынын чыгышы дагы табиятка адамдардын аеосуз мамилесинин акыбети катары аныкталганы баса белгиленген. Окумуштуу А.Бейшеналиев өз сөзүндө илимий изилдөөлөр көрсөткөндөй, суудан, абадан, топурактан, жада калса балыктан чыккан желимдин эми адам канынан да табылып жатканына тынчсызданып жаткандыгын билдирип, билим берүү аркылуу гана бул ырайымсыз көйгөйдү жоюуга болоорун баса белгилеген. [9]

Баарынан да Руханий жардылык пандемиясы жайылбасын. Адам-Табият-Цивилизация үч бурчтугу өз ченеминде болсун.

Профессор С.Байгазиевдин «Цивилизация жана Ата Журт» деген китебинде «Улуттук он тирек» тууралуу кеп болот.Алар: Улуттук ден соолук, улуттук жер соолук, улуттук боз соолук, улуттук дил соолук, улуттук тил соолук, улуттук салт соолук, улуттук ак жоолук, улуттук дос соолук, улуттук кут соолук, улуттук ой соолук.Анан ар бир соолуктун улуттук маани-маңызы, орду, ролу чечмеленген.Окумуштуу учурдагы актуалдуу көйгөйлөргө жаны ачып, жаш муундун ыйман деградациясына муңайып, келечекке улуттук аң-сезим аркылуу жол чырак издейт. [1] Ал эми табият менен цивилизациянын кагылышы, жаратылыштагы экологиялык тең салмактуулуктун бузулушу менен анын бардык компоненттеринде туташ кыйроонун боло тургандыгы С.Байгазиевдин «Бүркүттүн көз жашы» деген китебиндеги "Экологдун дептериндеги жазуу", "Бумеранг", Жер менен сен да кошо тегеренгин», ж.б.ырларында кылдат жана көркөм баяндалган.Адабиятчы Назаркул Ишекеев: "Бул китеп-бүгүнкү күндү ырдаган китеп" деп баа берген.

Сен кожоюн эмессиң табиятка,
Алкагынан чыккын тар «керегеңдин».
Ыргагына түздөнүп Жер энеңдин,
Жер менен сен да кошо тегеренгин,- деген кайрылууну, түз чакырыкты, асыл санатты эреже тутсак, канчалаган глобалдык катастрофалардан жана табигый кырсыктардан сак калмакпыз.[1]Байгазиевдин бул ырынын өзөгү жашоо философиясына негизденет, экологиялык аң-сезимди ойготуп, өстүрүп, жоопкерчиликке чакырат.Элибиздин руханий мурастары менен глобалдык экологиялык ойдун ортосундагы көпүрө болуп, этноэкологиялык баалуулуктарды кайра жандандырууга жол ачат.

Жаратылыштагы табигый гармонияны бузуп, аны жок кылып, талкалоого жөндөмдүүлүк адамзатты орду толгус кесепеттерге алып барууда.Ач көздүк менен табигат сулуулугун түзгөн асылдыктарды менчиктеп, суук колун матырып, кучагына толтуруп, коргонуна камап, кожоюн болгусу келгендер арабызда арбын.Бабаларыбыз табиятты бузсаң, анан каргышы келет деп ишенишкен.Бул бүгүнкү күндө экологиялык мыйзам бузуунун кесепети деген илимий түшүнүккө окшош. Жер планетасы –бул адамзаттын бар байлыгы, көздүн карегиндей сактай турган медери.Ал эми планетанын коопсуздугун сактоо биринчи кезекте адам рухунун экологиясын тазартуудан көз каранды.Бул милдет биринчи кезекте жаш адамдын жетилишинде өзгөчө орунда турган бала бакча, мектеп, билим-тарбия берүү системасы менен байланыштуу.

Жер- түбөлүктүүлүктүн, жашоо-өмүрдүн булагы, тегеренип айлануу жашоонун үзгүлтүксүз кыймылы. Ырдын өзөгүндө адам менен жаратылыштын гармониясы турат.

Айтматов Жер-Эненин кайрылуусунда: ―Эй адамдар, силерге эмне керек? Жерби? Мына мен жермин, мен бардык адам баласына теңмин, мага талашыңардын кереги жок, мага ынтымак керек! Эмгек керек! Айдоого бир дан таштасаңар, жүз дан кылып берем, чырпык сайсаңар, чынар кылып берем, мал жайсаңар, чөп болуп берем, там тургузсаңар дубал болуп берем, урук – тукумуңар көбөйсө, баарыңарга жай болуп берем! Мен түгөнбөймүн, мен кемибейм, мен кенчмин, баарыңарга тегиз жетем.Ал эми Толгонай, адам баласы тынчтыкта жашай алабы, жокпу? – дейсиң. Өзүң ойлоп көрчү, ал менден эмес, ал силерден, адам

баласынын өзүнөн, ынтымагыңардан, ыктыярыңардан, акылыңардан, -деп, адам баласынын улуулугун, гумандуулугун, эстүүлүгүн, адам колунан эчендеген жакшылык келерин белгилейт.

Ч.Айтматов менен М.Шахановдун «Аскада калган аңчынын ыйы» сырдашуу китебиндеги «Адашкан ак куунун муңу, же Медуза сыры» бөлүгүндө табият менен адам байланышындагы оош-кыйыштарга байланышкан укмуштуудай кызыктуу мисалдар бар.[6] Бир маекте Нарын облустук академик Үсөн Асанов атындагы мектеп лицей-интернатынын география мугалими Шаршенбек Алтыбаев Айтматовго "Адамдыктын, акыл-эстин экологу" деп эң туура баа берген. [7]

Кезинде өзү башында туруп уюштурган «Ысык-Көл» форумунундагы маектешүүлөргө «Чыгармачылык аркылуу аман калуу» деген тема коюп, маанисин адамдардын ой-санаасында согуш идеясынын өзүнүн пайда болушуна каршылык көрсөтүү,- деп түшүндүрөт Айтматов.Согуш дегендин өзү батышпай, ырк кетип, араан ачылганда, жер талаштан келип чыгат эмеспи. [5]Адам өмүрү, ал түзгөн цивилизация да- чоң байлык. Кутман жерибиздин көз тайгылткан кооздугун, тазалыгын, амандыгын, экологияны, планетаны көздүн карегиндей сактоо керектигин жаш муундарга түшүндүрө билсек, үйрөтсөк, жашоонун мыйзам ченемдүү бир милдетин аткарган болоор элек,- деп тынчсызданган.

Окумуштуу Айнура Кадырмамбетованын пикиринде Айтматовдун "Ак кемесинде" көтөрүлүп баштаган экологиялык маселе "Деңиз бойлой жорткон ала дөбөттө", "Кассандра тамгасында", соңку "Тоолор кулаганда" романында жалпы ааламдык маселеге айланат.*Айтматовдун чыгармаларында "адам экологиясы", "табият экологиясы" деген маселелерди козгоп, чыгармаларында Жер тагдырына жалпы ааламдык, жалпы космикалык көз караштан ой жүгүртөт.*

Айтматовдун чыгармалары табиятты кастарлоого тарбиялайт.2022-жылы 22-сентябрдагы БУУнун жыйынында бул маселе жалпы билим берүү өкүлдөрүнө милдет болуп тагылды.

Шанхай кызматташтык уюмунда "2024-жыл -табиятты коргоо жылы " деп аталып, дүйнө алкагында алгылыктуу иш-чаралар өткөрүлдү. Сергек акыл менен адабият аркылуу планетанын ден соолугу адам турмушунда эң маанилүү маселе экендигин туюндуруп, билим берүүгө салым кошолу. Дүйнөдө бардык нерсе, жандуу да, жансыз да, баары байланышта.Табият менен гармонияда жашоо-адамзаттын аман калышынын жалгыз жолу. Элдик оозеки мурастарга кайрылалы:

Жүгүрүп жүрүп жүн таптым,
Жүн алдынан тарак таптым,
Таракты таттыма бердим,
Таттым боз токтусун берди.
Токтуну конокко сойдум,
Конок камчысын берди.
Камчы менен каз урдум,
Каз канатын берди.
Каз канатын көлгө салдым,
Көл көбүгүн берди.
Көк уюма шыбасам,
Көнөк-көнөк сүт берди,
Ак уюма шыбасам,
Аяк-аяк сүт берди.
Айран, жуурат көп болду,
Ушул иш мага эп болду.

Жүгүрүп- жүгүрүп ыраатын бузбаган кыймыл, эмгек, алака, мамиле көңүлүбүздү куш кылган гармонияны, экологиялык тең салмактуулукту жаратып, "ушул иш мага эп болду" деген жыйынтык менен жагымдуу тондо аяктайт.

Экологиялык да, руханий да алааматтан куткаруучу жалгыз жол-жаратылыш менен ширелишкен гармония.Планетанын саламатчылыгын сактоо-дени сак муунду камсыздоо, жашоо мүмкүнчүлүгүн сактап калуу.”Дени сак планета-дени сак муун” идеясы, бул тема көркөм адабият аркылуу муундарга жеткириле турган универсалдуу тарбиялык багыт.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Байгазиев С. Бүркүттүн көз жашы. – Бишкек: Бийиктик, 2008. – 200 б.
2. Раев С. Топон. – Бишкек: Турар, 2018. – 280 б.
3. Акматалиев А. Султан Раевдин адабияттагы тополоңу… // АКИpress – Мнения. – 2025.
4. Акматова Н. С. Этноэкологиялык баалуулуктарга кайрылуу жана алардын жаш муундарды тарбиялоодогу ролу // КРСУ жарчысы. – 2022. – №3. – Б. 45–52.
5. Дүйшөнбаев П., Дүйшөнбаев М., «Чыңгыз Айтматовдун экологиялык этикасы», Бишкек, «Шам», 2005, 52-280-беттер.
6. Ч.Айтматов, М.Шаханов, «Аскада калган аңчынын ыйы» («Кылым кыйырындагы сыр ачуу») көркөм-публицистикалык басылмасы, Бишкек, «Учкун», 2001.
7. «Азаттык» радиосу, Фатима Абдалова уюштурган маектен, 21.04.2009-ж
8. Би-би-си кыргыз кызматы, Айбек Абдылдаев уюштурган маек, С.Раев:Топон суу каптаса, ал жүрөктөн башталат, 23-ноябрь, 2017-жыл
9. Edu.gov.kg А.Бейшеналиев:”Планетанын ден соолугу-адамзаттын ден соолугу”, 22-сентябрь, 2022-жыл

**УДК 81-1(82-93). (575.2)**

## БАЛДАР АКЫНЫ АБЗИЙ КЫДЫРОВДУН “ТОРГОЙ” ПОЭМАСЫ

Бакирова Гүлбурак Сайдалиевна - ОшМПУ, улук окутуучу
ORCID 0009-0007-3565-8987,gulburakbakirova99@gmail.com

## ПОЭМА ДЕТСКОГО ПОЭТА АБЗИЯ КЫДЫРОВА “ТОРГОЙ”

Бакирова Гулбурак Сайдалиевна - ОшГПУ, старший преподаватель
ORCID 0009-0007-3565-8987,gulburakbakirova99@gmail.com

## A POEM BY THE CHILDREN'S POET ABZIY KYDYROV “TORGOY”

Bakirova Gulburak Saidalievna - OshGPU, Senior lecturer
ORCID 0009-0007-3565-8987,gulburakbakirova99@gmail.com

**Аннотация**

А.Кыдыровдун «Топулуу торгой» поэмасы — кыргыз балдар адабиятындагы көрүнүктүү чыгармаларынын бири. Поэмада табият менен адамдын өз ара мамилеси, көрсөтүлөт. А.Кыдыров «Топулуу торгой» поэмасы аркылуу коомдогу адилетсиздик, гуманизм жана жашоо үчүн күрөш сыяктуу маанилүү темаларды көтөрөт. Чыгарманын негизги символдору жана образы аркылуу автор башкы каармандын өз ордун табуу үчүн күрөшүү идеясына көңүл бурат.

Макалада поэманын композициясы жана структурасы боюнча талдоо жүргүзүлүп, анын кыргыз адабиятындагы орду жана мааниси белгиленет. Мындан сырткары жомокту поэмага айландыруудагы акындын чеберчилиги белгиленип, поэманын өзгөчөлүгү талдоого алынды. Акындын жомоктон поэмага айландыруу процессинде фольклорго таандык муун өлчөмдөрүн сактай алгандыгы, табиятты жандандыруу процессинин таамай сүрөттөлүшү орун алгандыгы белгиленди. Поэманын кумуляциялык ыкма менен өнүгүшү, символдук образдардын берилиши тууралуу адабиятчы-окумуштуулардын пикирлерине таянуу менен анализденди.